# Директор алдындагы кеңештин өткөрүлгөн жыйынынын анализи.

План боюнча директор алдындагы кеңешме өтүлдү.Анда мерчемделген маселелер каралган.Сентябрь айында өткөрүлгөн директор алдындагы кеңешмеде мектептиги келим –кетимдерди тактоо иштери болду. Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу боюнча мектептин китепканачысы Джумалиева Нуржамал билдирүү жасап ,андагы жетишпеген китептер боюнча районого маалым кат берилди. Кысыманкулова Кызжибек Мамлекеттик Тил Күнүнө карата Кыргыз тилинин бир айлыгын жана кыргыз тилинин декадасын өткөрүлдү жана андагы алгылыктуу иштер белгиленди .Усулдук иштердин иш планы каралды . Мектептин ички иштөө тартибин жана 1-4 класстар боюнча окуучулардын тамактануусун уюштуруу иштери болду.

Сентябрда окууга келбей жаткан 9-класстын окуучусу Касымкин Ивандын ата-энеси менен сүйлөшү жургүзүлүп,баласын окуудан калып жаткан себептерин айтып ,мындан кийин калтырбоого сөз беришти .Мектеп ичинде тарбиялоого оор окуучуларга жекече тарбиячыларды бекитүү иштери жүргүзүлдү.

Октябрь айында жүргүзүлгөн директор алдындагы кеңешмеде башталгыч класстардын окуу процессинин жүргүзүлүш сапаты көзөмөлгө коюлду. Мектеп ичинде жаңы келген жаш адистерге наасатчылар бекитилип алардын иштерине көзөмөлдүк кандай болуп жаткандыгы тууралуу талкуу болду.Башталгыч класстын окуу тездиги текшерилип ,математика жана кыргыз-тили сабагынын билим сапаты текшерилип,жыйынтыгы чыгарылды .

Ноябрь айында 5-9 класстардын математика ,информатика физика сабактарынын берилиши жөнүндө текшерүү иштери жүргүзүлдү .Анда Таалай кызы Айзаттын сабакты өтүлүш абалы каралып ,сунуштар ой-пикирлер айтылды.Райондук олимпиадада жакшы ийгиликтерди жаратып , алдынкы орундарга жетишүү жагы предметтик мугалимдерге милдеттендирилди. Зирек балдар менен иштөөдө мугалимдер кошумча сааттарды өтүү жагы эскертилди.

Декабрь айында өткөрүлгөн директор алдындагы кеңешмеде башталгыч класстарды өздүк гигеналары текшерилип, тазалыктын эң биринчи эрежеси гигенаны туура алып жүрүү экендиги эскертилилди.Гигена боюнча тарбиялык

сааттарды өтүп туруу сунушталды .5-9 класстардын орус –тили жана англис –тилинин берилиши боюнча тест, билим сапатынын жыйынтыгы алынып жыйынтыгында жогорудагы предметтин өтүлүш абалы канаатандырарлык деп табылды . Райондук олимпиадага жана тестерге даярдануунун жыйынтыгында көрсөткүчү болбогон предметтик мугалимдерге эскертүүлөр айтылды .